# Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясы

## Чечим № 43/84

**Жалал-Абад ш.**
**13.04.21ж**

**Баары 12**
**Катышты 9**

**КР президентинин 2021-жылынын 8-февралындагы №21 Жарлыгынына ылайык 2021-ж 11-апрелинде өткөн Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо күнүнө карата Жалал-Абад шаарындагы шайлоо күнүндөгү Жалал-Абад АШКсына катталган "Общее дело" коомдук фондунан келип түшкөн кайрылуулар боюнча**

1. Б.Анарбаеванын билдирүүсү боюнча:
   №2400 УШКсынын төрагасы АШКдан келген бюллетендерди айтпагандыгы жана АСУнун аппаратынын 30 мүнөттөй иштебей калгандыгы
2. А.Маражаповдун билдирүүсү:
   №2105 УШКсынын төрайымы контролдук кагазын салбагандыгы, №2106 УШКнын төрайымы саат 20-00дөн кийин калган бюллетендерди жокко чыгарбагандыгы
3. А.Дуйшебаевдин билдирүүсү:
   №2099 УШКда байкоочуларга белгисиз адамдар тарабынан кысым болуп жаткандыгы:

Жогорудагы №2400, №2105, №2106 УШКлардын төрагалары 3-ирет шайлоону өткөрүп жатышат, мүмкүн шашып калгандыр, саясий партиялардын жана башка байкоочулар катышкан. Ал эми №2099 УШКдагы байкоочуларга болгон кысымдар боюнча төраганын кабары болбогондугу айтылды. №2105, №2106 жана №2400 УШКлардын төрагаларынан "түшүнүк каттар" алынгандыгы эске алынды. АСУнун аппараты-бул техникалык себептер катары карап, талкуулап Жалал-Абад аймактык комиссиясы

**ЧЕЧИМ кылат.**

1. **Жергиликтүү кенештин депутаттырын шайлоодо Жалал-Абад шаарындагы УШКларда болгон кемчиликтерди, УШКнын төрагаларынын (төрайымдары) жасаган катачылыктарын эске алып:**
   **№2105 УШКнын төрайымы- Батырова Рысканга, №2106 УШКнын төрайымы- Жапарова Гулнаридага жана №2400 УШКнын төрагасы- Калмуратов Маликке кетирген кемчиликтери жана жасаган катачылыктары үчүн эскертүү берилсин.**
2. **АШКнын чечими "Общее дело" коомдук фондуна жөнөтүлсүн**

**Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Ж.Ж.Бейшенбаев**

**Катчы:** **К.М.Ташиева**